| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>**ЖАҢЫ-ЖЕР<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЖАНЫ-ЖЕРСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |
|---|---|---|

**Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын IX-сессиясынын**

**№ 50 Т О К Т О М У**

Борбордук айылы 13-октябрь 2025-жыл

**IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Жаңы-Жер айыл аймагынын өкүлчүлүктүү жыйынын чакыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 "IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндөгү" Жарлыгына ылайык, III Элдик Курултайдын Улуттук кеңешинин 2024-жылдын 21-декабрында кабыл алган Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндөгү жобонун негизинде Жаңы-Жер айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. IV Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитети бекиткен календардык планга ылайык Жаңы-Жер айыл аймагынын өкүлчүлүктүү жыйыны 2025-жылдын *1-ноябрына* саат 10:00 гө Арка айылынын Жеңиш маданият үйүндө өтүлө тургандыгы белгиленсин.
2. IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо III Элдик Курултайдын Улуттук кеңешинин 2024-жылдын 21-декабрындагы чечими менен бекитилген Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндөгү жобо ылайык уюштурулсун жана өткөрүлсүн.
3. Жаңы-Жер айыл аймагынын өкүлчүлүктүү жыйынына катыша турган делегаттарынын жалпы саны айылдын жашоочуларынын санына жараша төмөнкүдөй болуп бекитилсин.
   - Арка айылына – 24 делегат;
   - Борбордук айылына – 16 делегат;
   - Достук айылына – 19 делегат;
   - Жаштык айылына – 21 делегат.
4. Жаңы-Жер айыл аймагынын өкүлчүлүктүү жыйынына делегаттарды шайлоого жарандардын ар бир айыл боюнча жыйындарды өткөрүүнүн графиги №1 -тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Жаңы-Жер айыл аймагынын өкүлчүлүктүү жыйынын уюштуруу жана өткөрүү боюнча комиссиянын курамы №2 – тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүүнү уюштуруу, материалдык техникалык камсыздоо жана маалымдоо иштерин жүргүзүү жагы Жаңы-Жер айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жаңы-Жер айылдык кеңешинин Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **Ж.Мурадилов**

Жаңы-Жер айылдык кеңешинин 2025-жылдын 13-октябрындагы №50 токтомуна №1-тиркеме

**Жаңы-Жер айыл аймагына караштуу айылдарда өкүлчүлүктүү жыйынга делегаттарды шайлоо боюнча жыйындарын өткөрүү графиги**

| № | Айылдардын аталышы | Өткөрүү убактысы | Жыйындар өткөрүлүүчү жайы | Уюштуруучулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Арка айылы | 17.10.2025<br>саат 14:00 | Маданият үйү | Абдуллаев Асанбек<br>Эрматова Тургунай<br>Айыл башчы |
| 2 | Борбордук айылы | 17.10.2025<br>саат 14:00 | Ч.Айтматов орто мектеби | Р.Тоирова<br>С.Турдибоев<br>Айыл башчы |
| 3 | Достук айылы | 17.10.2025<br>саат 15:00 | Достук орто мектеби | А.Тургунова<br>А.Маматкулов<br>Айыл башчы |
| 4 | Жаштык айылы | 17.10.2025<br>саат 15:00 | Маданият үйү | Ч.Мажитов<br>С.Салимбекова<br>Айыл башчы |

**Жаңы-Жер айылдык кеңешинин катчысы: А.Абдуллаев**

Жаңы-Жер айылдык кеңешинин 2025-жылдын 13-октябрындагы №50 токтомуна №2-тиркеме

**Жаңы-Жер айыл аймагында өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы:**

1. Ж.Мурадилов - Жаңы-Жер айылдык кеңешинин төрагасы, жумушчу топтун төрагасы;
2. А.Абдуллаев- Жаңы-Жер айылдык кеңешинин жооптуу катчысы, жумушчу топтун качтысы;
3. А.Тургунова- Жаңы-Жер айылдык кеңешинин депутаты, жумушчу топтун мүчөсү;
4. А.Абдуллаев - Жаңы-Жер айылдык кеңешинин депутаты, жумушчу топтун мүчөсү;
5. Р.Тоирова - Жаңы-Жер айылдык кеңешинин депутаты, жумушчу топтун мүчөсү;
6. Ч.Мажитов - Жаңы-Жер айылдык кеңешинин депутаты, жумушчу топтун мүчөсү;
7. У.Раимбердиев - Арка айылынын башчысы, жумушчу топтун мүчөсү;
8. О.Турсунбаев - Борбордук айылынын башчысы, жумушчу топтун мүчөсү;
9. М.Бегимкулов - Достук айылынын башчысы, жумушчу топтун мүчөсү;
10. У.Абдухоликов - Жаштык айылынын башчысы, жумушчу топтун мүчөсү;
11. С.Бабаева - Жаңы-Жер айыл өкмөтүнүн иш кагадарын жүргүзүү боюнча башкы адиси, жумушчу топтун мүчөсү.

**Жаңы-Жер айылдык кеңешинин катчысы:** **А.Абдуллаев**